**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун окуу иштери боюнча
проректору,
__________________Омуров Н.К.
« ______» _______________ 2023-ж.

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН**
**НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

**БАГЫТЫ: 710200 – «ИНФОРМАЦИЯЛЫК СИСТЕМАЛАР ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР»**

**ПРОФИЛИ: «ЭКОНОМИКАДАГЫ ИНФОРМАЦИЯЛЫК СИСТЕМАЛАР ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР»**

**Академиялык даража: Магистр**

**Окутуунун түрү: күндүзгү**

**Ош – 2023-жыл**

**Мазмуну**


**1. Жалпы жоболор .......... 3**

1.1. 710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» магистрдик багытынын негизги билим беруу программасы .......... 3

1.2. НББПда кездешүүчү терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар .......... 4

**2. Даярдоонун багытынын жалпы мүнөздөмөсү .......... 5**

2.1. ЖКББ НББПнын максаттары .......... 5

2.2. Магистрлер ээ болуучу компетенциялар .......... 6

2.3. Күтүлүүчү натыйжалар .......... 8

2 4. Окутуунун максаты менен күтүлүүчү натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы11

2.5. Компетенциялар матрицасы .......... **Ошибка! Закладка не определена.**

2.6. Компетенциялар матрицасы .......... 12

2.7. ЖКББ НББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү .......... 14

2.8. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу .......... 14

2.9. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар .... 14

**3. Кесиптик ишмердиктин мүнөздөмөсү .......... 14**

3.1. НББПны пайдалануучулар .......... 14

3.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү .......... 15

3.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү .......... 15

**4. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар .......... 16**

4.1. ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар .......... 16

4.2. Магистранттын НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар .......... 16

4.3. Магистранттын окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү .......... 17

4.4. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү .......... 17

4.5. Магистрды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар .......... 17

**5. Магистерди даярдоо НББПны ишке ашыруу шартына коюлган талаптар .......... 18**

5.1. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо .......... 18

5.2. Окутуу жараянын укуктуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо .......... 18

5.3. Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо .......... 18

5.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо .......... 19

**6. Окуу планы .......... 20**

6.1. Магистерди даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү .......... 20

6.2. Кредиттердин дисциплиналарга бөлүнүшү .......... 27

6.3. Жумушчу окуу планы .......... 28

**7. Окуу пландагы базалык дисциплиналардын программасынын аннотациясы .......... 29**

**8. Окуу планындагы практикалардын программасына аннотация 45**

8.1. Илимий - изилдөө практикасы .......... 45

8.2. Өндүрүштүк практика .......... 47

8.3. Илимий – педагогикалык практика .......... 50

**9. Окуу планындагы магистрдик диссертацияны даярдоо жана коргоо программасына аннотация .......... 51**

**10. Мамлекеттик аттестациялык комиссия .......... 52**

**11. Программанын компетенцияларынын картасы .......... 52**

## 710200 – «ИНФОРМАЦИЯЛЫК СИСТЕМАЛАР ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР» магистрдик багытынын негизги билим беруу программасы

### 1. Жалпы жоболор

#### 1.1.710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» магистрдик багытынын негизги билим беруу программасы

Ош мамлекеттик университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин **710200 – Информациялык системалар жана технологиялар** багыты боюнча магистратуранын негизги билим берүү программасы (НББП) Мамлекеттик билим берүү стандартына «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (30- апрель 2003-жыл № 92), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28- декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл № 111, 31-июль 2007-жыл № 115, 20-январь 2009-жыл № 10, 17- июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010-жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8-август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30-июль 2013-жыл №176) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптеги башка ченемдик укуктук актыларына, Ош мамлекеттик университетинин магистранттарынын илим-изилдөө, өндүрүштүк, илимий-педагогикылык практикаларын өткөрүү боюнча жобого (ОшМУ, 2016), Ош мамлекеттик университетинде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жөнүндө жобого (ОшМУ, 2016) ылайык иштелип чыкты.

НББП ОшМУда магистрлерди даярдоонун 710200 “Информациялык системалар жана технологиялар” багытынын «Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар» даярдоо профилине карата иштелип чыккан окуу-методикалык документтердин жыйындысын түшүндүрөт. Документтер регионалдык эмгек рыногунун, коомчулуктун талаптарын эске алуу менен көрсөтүлгөн багыттын жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде ОшМУда иштелип чыккан жана бекитилген.

НББП Программалоо кафедрасында өткөрүлгөн жыйынында, МИТ факультетинин илимий-усулдук семинарларында талкууланып, каралган.

НББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессин ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, көрсөтүлгөн багыт боюнча бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын баалоону регламентейт.

НББП өзүнүн ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

максаттарын;

а) окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды;
б) окуу планын;
в) жумушчу окуу планын;
г) программанын компетенциялар картасын;
д) окуу планындагы дисциплиналардын программасынын аннотациясын;
е) практикалардын программасынын аннотациясын;

ж) мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга карата талаптарды.

### 1.1. НББПда кездешүүчү терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар

Каралып жаткан НББПда Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына жана Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү эл-аралык документтерге туура келген терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **даярдоонун багыты** – ар түрдүү профилдеги фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билим берүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профили** – негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- **дисциплиналардын цикли** – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **модуль** – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** – тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кыймылдуу комбинациясы;
- **бакалавр** – академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү менен билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча «магистр» академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга жардам берет;
- **магистр** – акдемиялык даража, ал тийиштүү багыт боюнча бакалавр академиялык даражасына ээ болгон жана эки жылдан кем эмес ченемдик окуу мөөнөтүндө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациялардын жыйынтыгы боюнча ыйгарылат жана ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же аспирантурада окуусун улантууга жардам берет;
- **зачеттук бирдик (кредит)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр:**

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;
ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;
НББП - негизги билим берүү программасы;
ОМБ - окуу-методикалык бирикме;
НББП ДЦ - негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;
ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;
АК - аспаптык компетенциялар;
КК - кесиптик компетенциялар;
СИЖМК - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

## 2. Даярдоонун багытынын жалпы мүнөздөмөсү

710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» багыты боюнча Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатында аныктаган башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген.

Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартын аткаруу магистрлерди даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык ЖОЖдор үчүн, уюштурууучулук-укуктук тариздерине (формаларына) карабастан, милдеттүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында **710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багытындагы жогорку билимдүү магистрлерди даярдоо боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- жождун магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө «магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

### 2.1. ЖКББ НББПнын максаттары

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» багыты боюнча магистрди даярдоодогу негизги билим берүү программасынын максаттары (М):**

**М1.** Магистранттарда компетенттик мамиленин негизинде социалдык-инсандык сапаттарды калыптандырууну улантуу, жалпы маданияттуулук деңгээлин жана кругозорун жогорулатуу; бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жана расмий тилдерде ишмердүүлүгүн жүргүзө алуусун өркүндөтүү, англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу; интеллектуалдык потенциалын, билимин жана билгичтиктерин Кыргызстандын ар тараптан өнүгүшү үчүн жүзөгө ашырууга даяр экендигин тарбиялоо, өлкө үчүн болгон патриоттук сезимдерин жогорулатуу.

**М2.** IT технология жана экономика багытында тереңдетилген атайын кесиптик билимдерди, заманбап илимий баалулуктарды калыптандырууда сапаттын кепилдигин камсыздоо менен илимий-изилдөө иштерин жүргүзө алууга жана жаңы информациялык технологияларды иш жүзүндө колдоно алууга, региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошууга даярдоо.

**М3.** Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин колдонуу менен бүтүрүүчүлөргө ишмердүүлүк чөйрөдөгү маселелерди чечүү, информациялык, экономикалык жана банк системаларындагы процесстерди иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүү, аларды долбоорлоонун ыкмаларын жана методдорун колдоно алуу, информациялык системаларды жана тармактарды программалык камсыздоо, инструменталдык тейлөө технологияларын өздөштүрүү менен иштете алуу, региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу.

**М4.** Бүтүрүүчүлөрдү ишкана-мекемелердеги колдонулуучу информациялык системаларды жана процесстерди заманбап технологияларды колдонуу менен автоматташтырууга, оптималдаштырууга, жаңылыктарды алып келүүгө, интранет жана интернет тармактарын эффективдүү колдонуу аркылуу берилгендер базасын түзүүгө жана колдонууга, электрондук продукция чыгарууга жана киреше алууга, команда менен иштөөнү башкарууга, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликттик ситуациялардан тобокелсиз мыйзам чегинде чече алууга үйрөтүү.

**М5.** Эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алуу, ресурстарды рационалдуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында магистранттарга ата-мекендик жана чет элдик

тажрыйбалардын илимий-техникалык маалыматтарын жыйноо, анализдөө жана тажрыйбаларды жүргүзүү менен аларды колдоно алуу, стратегиялык пландаштыруу, инвестицияларды жана гранттарды тартуу алкагында информациялык-коммуникациялык технологияларды пайдаланып чет элдик өнөктөштөр менен кызматташып иштөөгө жана тажрыйба бөлүшүүгө жетишүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

## 2.2. Магистрлер ээ болуучу компетенциялар

***а) жалпы илимий (ЖИК):***

**ЖИК-1.** Жаңы теорияларды, усулдарды жана ыкмаларды сындоого жана терең түшүнүүгө, жаңы билим алуу үчүн дисциплиналар аралык ыкманы колдонууга жана ар кандай илимдердин жетишкендиктерин интеграциялоого жөндөмдүү;

**ЖИК-2.** Жаңы, анын ичинде иш чөйрөсүнө түздөн-түз байланышпаган билимдердин жаңы тармактарында, билимдерди жана билгичтиктерди маалымат технологияларынын жардамы менен оз алдынча алууга жана практикалык иш-аракеттерде колдонууга жөндөмдүү;

**ЖИК-3.** Жаңы же бейтааныш шартта көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык байланышта чечүүгө, айкындыгы толук эмес шарттарда билим колдонуунун социалдык жана этикалык жактарын эсепке алуу менен билимдерди интеграциялоого, ой жүгүртүүлөрдү жана бүтүмдөрдү тариздөөгө жөндөмдүү;

**ЖИК-4.** Топтолгон тажрыйбаны талдоого жана жаңы көз караш менен маани берүүгө, керек болгондо өзүнүн кесиптик иш-аракетинин профилин озгөртүүгө, изилдөө контекстин эсепке алуу менен дисциплинанын өрчүшүнө өзүнүн өзгөчө салымын киргизүүгө жөндөмдүү;

б) ***Аспаптык (АК):***

**АК-1.** Өз алдынча изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн жана алардын жыйынтыктарын интерпретациялоонун усулдарына ээ;

**АК-2.** Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын көрсөтүү үчүн өөрчүтүлгөн оозеки жана жазма жөндөмдөргө ээ, кесиптик баарлашуу деңгээлинде чет тилди колдоно билет;

**АК-3.** Баардык баарлашуу чөйрөлөрүндө (анын ичинде маданият аралык жана дисциплиналар аралык) коммуникативдик маселелерди коюууга жана чечүүгө, маалымат алмашуу процесстерин башкарууга жөндөмдүү. Чоң көлөмдөгү маалыматтар менен иштөө жөндөмүнө ээ, изилдөө контекстин эсепке алуу менен конкреттүү тармакта заманбап маалымат-коммуникациялык технологияларды пайдаланууга жөндөмдүү;

**АК-4.** Өздөштүрүлгөн билимдердин негизинде жыйынтык чыгарууга, материалдарды так жана айкын түшүндүрүүгө (адиске жана адис эмеске) жөндөмдүү. Өз алдынча билим деңгээлин өрчүтүүгө жөндөмдүү;

в) ***Социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):***

**СИЖМК-1.** Өзүнүн кесиптик иш-аракетинин кесепеттерине баа берүүдө, социалдык мааниси бар долбоорлорду иштеп чыгууда жана ишке ашырууда укуктук жана этикалык нормалар тууралуу терендетилген билимдерин пайдаланууга жөндөмдүү;

**СИЖМК-2.** Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттикти камсыз кылууга багытталган демилгелерди коюууга жана өнүктүрүүгө, дүйнөлүк көз караштагы, социалдык жана инсандык маанидеги көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү;

**СИЖМК-3.** Жакшы жашоо үлгүсү, айлана-чөйрөнү коргоо жана байлыктарды сарамжалдуу пайдалануу боюнча нормаларды жана сунуштарды тутууда тегерегиндегилерге позитивдүү түрткү берүүгө (анын ичинде жеке жүрүм-туруму менен) жөндөмдүү;

**СИЖМК-4.** Жамаатты, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлорду жетектөөгө, команданын максаттарынын түзүлүшүнө таасир берүүгө, максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон багытта анын социалдык-психологиялык климатына таасир этүүгө, ишмердиктин жыйынтыктарынын сапатына туура баа берүүгө жөндөмдүү;

*г)* **Кесиптик компетенциялар (КК)**

***Долбоордук-конструктордук ишмердиги:***

**КК-1.** Объектини долбоорлоодо изилдөө иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, изилдөө чөйрөсүндөгү системдик анализ жана алардын өз-ара байланышы;

**КК-2.** Техникалык долбоорлоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-3.** Жумушчу долбоорлоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-4.** Долбоорлоого керектүү чоңдуктарды тандоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-5.** Процесстерди жана системаларды моделдөө жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-6.** Долбоорлонуучу объектилердин ишенимдүүлүгүн жана сапаттуулугун баалоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, долбоорду стандарттык сапаты боюнча сертификациялоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-7.** Коопсуз ишмердүүлүктүн шарттарын камсыз кылууну жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, экономикалык эффективдүүлүгүн жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-8.** Долбоорлоо документтеринин бардык түрлөрүн иштеп чыгуу, макулдаштыруу жана чыгаруу даярдыгы;

***Технологиялык ишмердүүлүгү:***

**КК-9.** Базалык жана колдонмо технологияларды долборлоо жөндөмдүүлүгү;

**КК-10.** Маалымат технологиясынын каражаттарынын жардамы менен (методикалык, информациялык, математикалык, алгоритмдик, техникалык жана программалык) иштөө жөндөмдүүлүгү;

***Өндүрүштүк-технологиялык ишмердүүлүгү:***

**КК-11.** Маалыматтар технологиясында менеджмент боюнча документтерди даярдай билүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-12.** Адистик ишмердүүлүктүн объектилерин иштеп чыгуу технологияларын колдонуу жөндөмдүүлүгүнүн чөйрөсү: илим, техника, билим, медицина, административдик башкаруу, юриспруденция, бизнес, жекече ишмердүүлүк, коммерция, менеджмент, банктык системалар, информациялык системалардын коопсуздугу, технологиялык процесстерди башкаруу, механика, энергетика, курулуш, транспорт, темир жол транспорту, байланыш, телекоммуникация, инфокоммуникациялык башкаруу, почта байланышы, айыл чарба, медициналык жана тоо-кен иши, өндүрүштөрдү коопсуздук менен камсыздандыруу, геология, нефть газ тармагы, геодезия жана картография, геоинформациялык системалар, токой комплекси, химиялык-токой комплекси, экология, тейлөө сферасы, массалык маалыматтоо системдери, дизайн, жана ошондой эле ар кандай турдөгү ишканалардын профилдери жана экономикалык шарттагы маалыматтоо коомунун бардык ишмердиктери;

***Уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүгү:***

**КК-13.** Жумушчу орундарын уюштуруу жөндөмдүүлүгү, аларды техникалык жабдоо, компьютердик жабдоолорду жайгаштыруу, кичине коллективдердин мүчөлөрүн уюштуруу жөндөмдүүлүгү;

**КК-14.** Объектинин сапатын долбоорлоонун өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чыгымдарын баалоону уюштуруу жөндөмдүүлүгү, киргизилүүчү маалыматтын сапатын текшерүүнү уюштуруу жөндөмдүүлүгү*;*

***Илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк:***

**КК-15.** Маалыматты чогултуу, илимий-техникалык маалыматты анализдөө, изилдөө тематикасы боюнча ата мекендик жана чет элдик тажырыйбаны пайдалануу, эксперименталдык изилдөөлөрдү коюу жана жүргүзүүгө катышуу жөндөмдүүлүгү*;*

**КК-16.** Тандалган моделдин тууралыгын чоңдуктардын эксперименталдык жана алынган чечимдердин жыйынтыктары боюнча тастыктоо жөндөмдүүлүгү, иштеп чыгуучу математикалык методдорун, адистик изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын анализдерин жана синтездерин колдонуу жөндөмдүүлүгү*;*

**КК-17.** Алынган жумушчу жыйынтыктарды, илимий-техникалык отчетторду, статьяларды жана илимий-техникалык конференциялардын докладдарын презентация түрүндө иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү;

***Инноватикалык ишмердүүлүгү:***

**КК-18.** Жаңы конкуренттик жеңүүчү идеяларды түзүү жана аларды проектилерде ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү;

***Түздөө-оңдоо ишмердүүлүгү:***

**КК-19.** Тажырыйба эксплуатациясында маалымат системасынын программалык жана техникалык каражаттарды инсталляциииялоо, оңдоо жөндөмдүүлүгү;

**КК-20.** Даяр компоненттерден маалымат системасын чогултуу жөндөмдүүлүгү, өнөр-жай эксплуатациясында маалымат системасынын программалык жана техникалык каражаттарды инсталляциялоо, оңдоо жөндөмдүүлүгү;

***Сервистик-иштетүү ишмердүүлүгү:***

**КК-21.** Берилген функционалдык мүнөздөмөлөрдүн жана алардын сапаттарынын критерийлеринин дал келишин камсыздандыруучу маалымат системасын жана технологияларын иштетүү жөндөмдүүлүгү;

**КК-22.** Маалымат системасынын жана технологияларынын коопсуздугун жана чоңдуктардын биримдигин камсыздандыруу жөндөмдүүлүгү;

**КК-23.** Программалардын өзгөрүүчү шарттарга жараша иштешин камсыздандыруу жөндөмдүүлүгү;

**КК-24.** Маалыматтар системасын эксплуатациялоо инструкциясын иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү.

## 2.3. Окутуунун натыйжалары

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багытынын магистратура бүтүрүүчүсү НББП максатына жана маселелерине ылайык кесиптик ишмердүүлүгүндө төмөнкүнатыйжаларга ээ болушу зарыл:

**1-таблица. Күтүлүүчү натыйжалар**

| № | Окутуунун натыйжалары(ОН) | Компетенциялар |
|---|---|---|
| ОН-1 | **Долбоордук-конструктордук ишмердүүлүгү:** илимдин жана техниканын жетишкендиктерин колдонуу менен ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү долбоорлонуучу обьектти алдын ала изилдөөгө, долбоорлоо стратегиясын системалык иштеп чыгууга, проектирлөөнүн максатын аныктоого, маселелерди чечүүгө, информациялык, экономикалык жана банк системаларындагы процесстерди иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүүгө, аларды долбоорлоонун ыкмаларын жана методдорун колдонуу менен эксперименттерди жүргүзө алууга жөндөмдүү | ПК-1, ПК-2, ПК-3, ПК-4, ПК-5 |

| | | |
|---|---|---|
| ОН-2 | **Технологиялык ишмердүүлүк:** ишмердүүлүктө колдонулуучу заманбап информациялык технологияларды долбоорлоого жана аларды ишке киргизүүнүн илимийметодикалык, информациялык, математикалык, алгоритмдик, техникалык жана программалык каражаттарын колдоно алууга жана биосферанын тазалыгын сактоо менен рационалдуу колдонууга, кесиптик маселелерди чечүүдө гуманитардык жана экономикалык илимдердин негизги жоболорун колдонууга жөндөмдүү | ПК-6, ПК-7, ИК-2, ПК-2 |
| ОН-3 | **Өндүрүштүк ишмердүүлүк:** жаңы продукцияны өндүрүүнү даярдоодо өндүрүштүк, заманбап технологиялык процесстерди колдонуу менен автоматташтырууга, оптималдаштырууга, жаңылыктарды алып келүүгө, өндүрүштүк участоктордо технологиялык процесстердин сапаттарын башкаруу боюнча документтерди даярдоого, кесиптик ишмердүүлүктүн объекттерин иштеп чыгуунун технологияларын колдоно билүүгө, электрондук продукция чыгарууга жана киреше алууга жана ошондой эле ар кандай түрдөгү ишканалардын профилдерин жана экономикалык шарттагы маалыматтоо коомунун бардык ишмердиктерин жүргүзө алууга, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик ситуациялардан тобокелсиз чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга жөндөмдүү | ИК-2, ОК-1, СЖК-1, ПК-1 |
| ОН-4 | **Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү:** жумушчу орундарды жана алардын техникалык жабдыктоосун уюштурууга, компьютердик жабдыктоону жайгаштырууга, жааматтагы иштерди уюштура билүү менен иштөөнү башкарууга, киргизилүүчү маалыматтардын сапаттарын текшерүүнү уюштурууга, кардар менен өндүрүүчүнүн ортосундагы мамилелерди уюштурууга, түрдүү талаптарды ыңгайлуу жагдайга келтирүүгө, оптималдуу чечимдерди табууга жөндөмдүү | ПК-9, ПК-10, ПК-11, ИК-1 |
| ОН-5 | **Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү:** илимдеги, техникадагы жана технологиялардагы, профессионалдык чөйрөдөгү жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий бүтүмдөрүн талдоого жана баалоого; илимийизилдөө иштерин жүргүзүүгө, маселени коюуда жана эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө маалыматтарды чогултууга, илимий теОНикалык маалыматтарды жыйноого, анализдөөгө, ата мекендик жана чет элдик тажырыйбаны колдоно билүүгө, эксперименталдык чондуктарды жана алынган чечимдерди салыштыруу менен тандалган моделдин тууралыгын жөндөөгө жөндөмдүү | ИК-2, ПК-10, ПК-12, ПК-13, ПК-14, ПК-15, ОК-1 |

| | | |
|---|---|---|
| ОН-6 | **Инновациялык ишмердүүлүгү:** жаңы атаандаш илимий идеяларды түзүүгө жана аларды долбоорлордо ишке ашыруу менен продукция чыгарып, киреше алууга, долбоорлоо обьектисинин өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чыгымдарынын сапаттарын камсыздандырууну<br>баалоого, традициялык жана инновациялык ойлорду колдонууга жана арттырууга, аларды ишке ашыруучу кадамдарды табууга, стратегиялык пландаштырууга, инвестицияларды жана гранттарды тартуу алкагында информациялык - коммуникациялык технологияларды пайдаланууга жөндөмдүү | ИК-2, ПК-6, ПК-7, ПК-8, ПК-17, ПК-18 |
| ОН-7 | **Илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү:** түрдүү деңгээлиндеги билим берүү мекемелеринде тиешелүү багыттагы дисциплиналар боюнча педагогикалык иштерди жүргүзүүгө, лекциялык материалдарды, лабораториялык жана изилдөө комплекстерин иштеп чыгууга, окутуу процессинде методикалык колдоо көрсөтүүгө жөндөмдүү | ИК-1, ПК-16, ПК-17, ПК-18, ПК-19, ПК-5 |
| ОН-8 | **Мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү:** активдүү граждандык позицияда болууга, граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизиндеги диалогко жана экономикалык эффективдүүлүгүн эсептөө менен өнүгүшүнө, региондорду өнүктүрүүрүүсүнө жана санариптештирүүсүнөсалым кошуугажөндөмдүү | СЖК-1, ОК-1, ПК-16, ПК-19 |
| ОН-9 | **Веб чөйрөдөгү ишмердүүлүгү:** интернет тармагында клиент-сервер технологияларын колдонуу менен берилгендер базасын жана веб продукцияларын түзүүгө жана илимий, бизнес-проекттерди жүзөгө ашырууга, маалыматты алууга, сактоого, кайра иштетүүнүн негизги усулдарына, ыкмаларына жана каражаттарына, маалымат башкаруунун каражаты катары компьютер менен, анын ичинде глобалдык компьютердик тармактарда жана корпоративдик информациялык системалар менен иштөөгө жөндөмдүү | ПК-1; ПК-3; ПК-7, ИК-2 |
| ОН-10 | **Өздүк өнүгүү ишмердүүлүгү:** өзүнүн жетишкендигин жана жетишпегендигин сын көз менен кароого, жетишкендиктерин өнүктүрүүгө жана жетишпегендиктерин жоюуга; коллективде, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлордо иштөөгө, жогорку даражадагы өз-алдынчалулуукта заманбап билим берүү жана информациялык технологияларды колдонуу менен жаңы билим алууга, коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук негизде социалдык өз-ара аракеттенишүүгө, элге сый, башка маданиятка толеранттуулук жана шериктештик мамилелерди колдоого, ишмердик баарлашууну жүзөгө ашырууга: эл алдына чыгып сүйлөөгө, сүйлөшүүлөргө, кеңешме өткөрүүгө, ишмердүүлүктө жазуу түрүндө баарлашууга жөндөмдүү | СЖК-1, ПК-1, ПК-5, ПК-6, ПК-8, |

## 2.4. Окутуунун максаты менен күтүлүүчү натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы

2-таблица. Максат менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы

| | М1 | М2 | М3 | М4 | М5 |
|---|---|---|---|---|---|
| ОН1 | | | + | | |
| ОН2 | | | + | | + |
| ОН3 | | + | | + | |
| ОН4 | | + | | + | |
| ОН5 | | | + | | + |
| ОН6 | + | | | + | + |
| ОН7 | | | + | + | + |
| ОН8 | | + | + | | |
| ОН 9 | + | + | | | |
| ОН10 | + | | + | | + |
| ОН11 | + | | | | + |
| ОН12 | + | + | + | + | + |
| ОН13 | | | + | + | |
| ОН14 | | + | + | + | |
| ОН15 | + | + | | + | |

## 2.5. Компетенциялар матрицасы

| № | Компетенциялар<br>Дисциплиналар | кол. кред. | ЖИК-1 | АК-1 | АК-2 | СИ- | КК-1 | КК-2 | КК-3 | КК-4 | КК-5 | КК-6 | КК-7 | КК-8 | КК-9 | КК-10 | КК-11 | КК-12 | КК-13 | КК-14 | КК-15 | КК-16 | КК-17 | КК-18 | КК-19 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Информациялык менеджмент | 4 | | | | п | | | п | | | | | | | п | | | п | | | | | | |
| 2 | Веб-багыттуу колдонмолорду программалоо | 8 | | | | | | п | | | | | п | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Бухгалтердик эсеп. маалымат технол. | 3 | | | п | | | | | п | | | п | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Заманбап бизнес-инжиниринг. Негиздери | 4 | | | | п | | | | | | | | п | | п | | | | | | | | | |
| 5 | Маалым алмашуу тилдери (XML) | 4 | | п | | | | п | | | | | | | | | | | п | | | | | | |
| 6 | Чет тили | 2 | | п | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу | 6 | | | | | п | п | | | | | п | | | | | | | | | | | | |
| 8 | Жогорку мектеп педагогикасы жана психологиясы | 3 | п | | | | | | | | | | | | п | | | | | | | | | п | п |
| 9 | Экономикалык анализдин компьют.усулдары жана ыкмалары | 3 | | | п | | | | | | п | | | | | п | | п | | п | | | | | |
| 10 | 1С предприятие | 4 | | | п | | | | п | п | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11 | Эксперим.берилг. иштеп чыг.ж/а уюштуруу, экспер.пландашт. | 10 | | | | п | | | | | | п | | п | | | | п | | п | | | | | |
| 12 | Банк иш жана кредиттик мамилелерди программалоо | 5 | | | | | | п | | | | | | | | | | | | п | | | | | |
| 13 | Проекттерди башкарууну автоматташтыруу | 5 | | | п | | п | | | | п | | п | | | | | | | | | | | | |
| 14 | Экономикадагы информациялык системалар | 4 | | | | | п | п | | п | | | | | | | п | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | КПВ(Булуттук эсептөө технологиясы) | 3 | | | п | | | п | | | | | п | | | | | | | | | | | | |
| 16 | КПВ(Компьютердик моделдөөнүн методдору) | 3 | | | п | | | п | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 17 | Имитациялык моделдешт. Системалары | 3 | | | п | | | | | | | п | п | | | | | | | | | | | | |
| 18 | Маалыматты коргоонун ыкмалары жана каражаттары | 2 | | | п | п | | п | | | | | | п | | | | | | | | | | | |
| 19 | КПВ(1С Предприятие’де программмалоо) | 4 | | | п | | | п | п | п | | | | | | | | | | п | | | | | |
| 20 | Илимий-изилдөө практика | 6 | п | | | | | | | | | | | | п | | п | п | п | | | | | | |
| 21 | Өндүрүштүк практика | 7 | | | | | | | | | | | | | п | | п | п | | | | | | | |
| 22 | Илимий-педагогикалык практика | 7 | | | | | | | | | п | | | | п | | п | п | | | | | п | п | п |
| 23 | Магистердик диссертация | 10 | | | | | | | | | | | | | | | | | п | п | | п | | | |
| 24 | Мамлекеттик аттестациялык экзамен | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 25 | Магистрдик диссертацияны коргоо | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **ИТОГО** | **120** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**2.6. ЖКББ НББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү**

Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим базасында **710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар»** магистрлерди даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 6 жылдан кем эмес, «бакалавр» академиялык даражасын бекиткен жогорку кесиптик билимдин базасында – 2 жылдан кем эмес.

НББП ЖКББ ну өздөштүүрүү боюнча ЖОЖдун ОМСти бекиткен тизме боюнча багыты өзгөрбөгөн күндүзгү окуу формасына салыштырмалуу багытын өзгөрткөн магистранттардын окуу убактысы жарым жылга (0,6 айга) узак болот.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасы, ар кандай окуу формаларын пайдалануу менен айкалыштырылып, же дистанттык технологияларды пайдалануу менен жүргүзүлсө, НББП ЖКББны өздөштүрүү мөөнөтү күндүзгү формадагы окугандардын нормативдик мөөнөтүнө салыштырмалуу 1 жылга узак болот.

Дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окуу формасында багытын өзгөртүп окугандардын окуу мөөнөтү багытын өзгөртпөгөн күндүзгө формага салыштырмалуу НББП ЖКББну өздөштүрүү мөөнөтү 1,5 жылга узак болот.

**2.7. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу**

Магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 120тан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке (чегерим бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) магистранттын окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 48 кредиттен (чегерим бирдиктен) кем эмес.

**2.8. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар**

- "Магистр" академиялык даражага ээ болуу үчүн жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли – тийиштүү багытындагы «бакалавр» академиялык даражалуу жогорку кесиптик билим жана (же) «адис» квалификациясына болушу зарыл.
- Абитуриенттин «бакалавр» академиялык даражасын ыйгаруу жана тийиштүү жогорку кесиптик билим же «адис» квалификациясы ыйгарылган окшош жогорку кесиптик билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.
- Тектештик багыттардын жана адистердин тизмеси ОМБ тарабынан түзүлөт.

## 3. Кесиптик ишмердиктин мүнөздөмөсү

**3.1. НББПны пайдалануучулар**

**710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар»** магистранттарды даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСын негизги пайдалануучулар болуп:

- ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптуу адамдар;

• ЖОЖдун даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;

• тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;

• Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;

• жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;

• аткаруу бийлигинин жогорку кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына контролду камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка контролду жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары эсептелет.

## 3.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багыты боюнча бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүк аймагы болуп: маалымат технологияларын жана системаларын илим-изилдөөсү, иштеп чыгуусу, аны ишке киргизүүсү, коштоосун башкаруу жана өркүндөтүү болуп  эсептелинет. Муну менен катар **710200 «Маалымат системалары жана технологиялар»** багыты ар кандай даярдоо профилдерин өзүнө камтыйт.

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүктөрү болуп:

Маалыматтар процесстери, технологиялары, системалары жана тармактары, жана аларды инструменттер менен (программалык, техникалык, уюштуруучулук) камсыздандыруу, долбоорлоонун ыкмалары жана методдору, оңдоо, маалыматтар технологияларын жана системаларын төмөнкү чөйрөлөрдө өндүрүү жана иштетүү:

илим, техника, билим, медицина, административдик башкаруу, юриспруденция, бизнес, жекече ишмердүүлүк, коммерция, менеджмент, банктык системалар, информациялык системалардын коопсуздугу, технологиялык процесстерди башкаруу, механика, техникалык физика, энергетика, курулуш, транспорт, темир жол транспорту, байланыш, телекоммуникация, инфокоммуникациялык башкаруу, почта байланышы, айыл чарба, текстилдик жана жеңил өндүрүш, медициналык жана биотехнологиялык, тоо-кен иши, жер астындагы ишканаларды жана өндүрүштөрдү коопсуздук менен камсыздандыруу, геология, нефть газ тармагы, геодезия жана картография, геоинформациялык системалар, токой комплекси, химиялык-токой комплекси, экология, тейлөө сферасы, массалык маалыматтоо системдери, дизайн, жана ошондой эле ар кандай турдөгү ишканалардын профилдери жана экономикалык шарттагы маалыматтоо коомунун бардык ишмердиктери.

## 3.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багытынын магистрлерди даярдоо адистик ишмердиги төмөнкү түрдөгү иштерди камтыйт:

- Долбоордук-конструктордук;
- технологиялык- ишмердүүлүк;
- өндүрүштүк – ишмердүүлүк;
- Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү;
- Түздөө-оңдоо ишмердүүлүгү;
- Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү;
- Инновациялык ишмердүүлүгү;
- Сервистик-тейлөө ишмердүүлүгү;
- Илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү;
- Мамлекеттик жана расмий тилдерде иштөө ишмердүүлүгү;

- Дүйнөлүк маалыматтарды колдонуу ишмердүүлүгү
- Мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү;
- Электрондук чөйрөдөгү ишмердүүлүгү;
- Веб чөйрөдөгү ишмердүүлүгү;
- Өзүн өзү өнүктүрүү ишмердүүлүгү.

## 4. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

### 4.1. ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар

Жождор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгылат.

Жождор НББПны илимдин, маданияттын, үнөмдүн, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, жождо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңылап турууга ***милдеттүү***:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;
- так макулдашылган чендин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн зиректүүлүгүнүн деңгээлин баалоонун обүективдүү өтүү тартиптеринин иштелмелеринде;
- окутуучулар курамынын сапатын жана зиректүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү каражаттар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка шайкеш билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган чендер боюнча өзүн өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, максаттары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

### 4.2. Магистранттын НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар

Магистранттын НББПны ишке ашыруудагы ***укуктары***:

- НББПны түзүүгө катышуу;
- НББПны түзүүдө магистранттар алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен таанышуусу;
- Магистранттар, магистранттын тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде НББПда алдын ала каралган конкреттүү сабакты тандап алуу;
- Магистранттар өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- Магистрант өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө сабакты тандоо боюнча жождо кеңеш алуу жана алардын даярдоонун (адистештирүүнүн) болочок багытына таасир этүүгө.

Милдеттери:

- Тандап алган сабактар магистранттар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу мерчеминде каралгандан кем болбошу керектигин түшүнүүсү милдеттүү;
- НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМЗны өнүктүрүү бөлүгүндө магистранттар магистранттык өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий магистранттык коомдордун ишине катышууга;
- Магистранттыр жождун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга.

### 4.3. Магистранттын окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү

Магистранттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу таризиндеги көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50% чектеринде мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

### 4.4. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү

Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүүсү керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

### 4.5. Магистрды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар

Магистерди даярдоодо НББП төмөнкү *окуу циклдерин* (табл.) окутуу каралат:

- жалпы илимий цикл;
- кесиптик цикл;

*жана бөлүмдөр;*

- илим-изилдөө, өндүрүштүк, илимий-педагогикалык практикалар;
- илимий - изилдөөчүүлүк иш;
- жалпы мамлекеттик аттестация.

Сабактардын ар бир цикли **базалык (милдеттүү түрдөгү)** бөлүккө жана ЖОЖ тарабынан аныкталчу **вариативдик (профилдик)** бөлүккө ээ болот. Вариативдик (профилдик) бөлүк базалык сабактардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берип, байырлык сабактардын мазмунун аныктайт. Өзгөрмө (вариативдик) бөлүк эки бөлүктөн турат: **жождук курам жана магистранттын тандоосу боюнча түзүлгөн сабактардан турат.**

## 5. Магистерди даярдоо НББПны ишке ашыруу шартына коюлган талаптар

### 5.1. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо

Магистрди даярдоо НББП сын ишке ашыруу системдик түрдө илим менен алектенген, илимий-усулдук иш-аракеттенген жана берилген сабактан каптал бетине ылайык эреже катары базалык билимдүү педагогикалык кадрлар ишке ашыруусу керек.

Кесиптик мерчемдин окутуучулары, эреже катары кандидаттык, докторлук илимий даражадагы жана кесиптик чөйрөдө ылайык иш тажрыйбалуу болуусу зарыл.

Берилген НББП боюнча билим берүү жараянын камсыздаган окутуучулардын жалпы санында илимдин кандидаты же доктору даражасындагы окутуучулардын бөлүгү 35% кем эмес болот.

### 5.2. Окутуу жараянын укуктуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо

Магистрлерди даярдоо НББПсын ишке ашыруу ар бир магистранттын негизги билим берүү программасынын сабактарынын толук саны боюнча түзүлгөн китепкана фондусуна жана берилген базаларга кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Жогорку окуу жайынын билим берүү программасы (түзүлүүчү зиректигин эсепке алуу менен аныкталган) тажрыйбалык практикум жана амалияттык сабактар камтылат.

“ИЭТ”, “ИСТ” бакалавриат жана магистратура адистигтери боюнча Ош МУнун китепканасына 300 дөн ашык окуу китептери алынды, окутуучулары тарабынан 22 окуу колдонмо, дисциплиналар боюнча 16 окуу-усулдук комплекстер даярдалган, кафедранын фонунда 114 электрондук дисктер, "Высшая школа" (Москва ш.) басмаканасынын 12 даана DVD жана 5 даана CD дисктеринде жазылган 14118 электрондук басылмалар сатылып алынган жана алар ОшМУнун электрондук китепканасына берилген. Ошондой эле Программалоо кафедрасына тиешелүү ар бир дисциплиналар боюнча электрондук окуу-усулдук колдонмолор, ай сайын жарык көрүүчү “CHIP” журналынын 2001-2015-жылдарынын бардык сандарынын жыйнагы жана башка тиешелүү маалыматтар диск түрүндө даярдалып, кафедранын фондуна кошулган (кафедранын фонунда 114 электрондук дисктер).

IT- технологиянын теориясынын жана практикасынын өтө тез өнүгүшүнүн натыйжасында негизги жана жардамчы адабияттарды төмөнкү сайттарда чыгарылуучу интернет булактардан алууга болот:

http://window.edu.ru/window_catalog,
http://fmi.asf.ru/Library/Book.
http://itteach.ru
http://intuit.ru
http://studfiles.ru ж.б

### *5.3.* Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо

Программалоо кафедрага караштуу 2 кабинет - 321, 326; 3 мультмедиалык лекциялык аудитория – 328, 327, 324. Ошондой эле лабораториялык кабинеттер – 302, 303

Магистрлерди даярдаган НББПны ишке ашырган жогорку окуужайлары учурдагы таза-лык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге тура келген, жогорку окуу жайлардын окуу планында каралган студенттерди тажрыйбалык, сабактык жана сабак аралык даярдоону, практикалык жана илим-изилдөө иштеринин бүт түрлөрүн жүргүзүүнү камсыздаган чек-тех-никалык база менен камсыз болуусу зарыл.

Магистрдык программаны ишке ашыруу үчүн минималдуу керек материалдык техника-лык каражаттар төмөнкүдөй:

- окуу амалияттары жана класстары азыркы учурдагы компьютерлер менен, интернетке чыгуучу бириккен локалдык эсептөө тармактары. Практикалык иштерди аткарууга магистрантка мүмкүнчүлүк түзүү үчүн ар кандай архитектурадагы (бир ядердик, көп ядердик, параллель жана топтоштурулган процессорлор) электрондук эсептөө машиналары;

- жождун ЖБПсына ылайык ар бир сабак тиешелүү түрдө лицензияланган программалык продуктылар менен камсыздануусу.

Окуу процессин жабдоочу программалык каражаттар төмөнкүлөрдү камтыйт:

*Базалык:*

- операциялык системалар;
- программалоо тилдери (колдонуу чөйрөлөрү боюнча тилдердин түрлөрү (парадигмалар))
- программалык чөйрөлөр (текстик процессорлор, электрондук таблицалар, персоналдык маалымат системалары, графиктик презентациялоо программалары, браузерлер, электрондук беттердин редакторлору, почталык клиенттер, растрдык графиктердин редакторлору, вектордук графиктердин редакторлору, басып чыгаруучу системдер, иштеп чыгаруучу каражаттар);
- чоңдуктар базасын башкаруучу системалар, чоңдуктарды сактоону башкаруучу каражаттар, чоңдуктарды көрсөтүүнү башкаруучу каражаттар;

*Колдонмо:*

- чөйрөлөр боюнча колдонуунун маалымат системалар;
- автоматташтырылган долбоорлоо.
- илимий изилдөө иштерин жүргүзүдө студентерди технопарктардагы жана бизнес инкубаторлордогу иштөө мүмкүнчүлүгү менен жабдоо.
- ЖОЖ электрондук материалдарды колдонууда ар бир окуучуну өз алдынча даярдануусу үчүн компьютердик класста тиешелүү түрдө интернетке чыга ала турган жумушчу орду менен камсыз кылуусу ылайык. Инернетке чыгууну 100% камсыз кылат

## 5.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо

Жогорку окуу жайы даярдоонун сапатын камсыздоого кепилдик берүүгө милдеттүү, анын ичинде:

- жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн ишке тартуу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегиясын иштеп чыгуу;
- билим берүү программасын мезгил-мезгили менен рецензиялоо, мониторинг, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын, окучуулардын билимин жана ишке эбинин деңгээлин баалоонун обьективдик иш тартибин иштеп чыгуу; окутуучулардын курамынын зиректүүлүгүн камсыздоо; жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн ишке тартуу менен башка билим берүү мекемелери менен ишкердүүлүктөгү стратегияны жана салыштырмалуу баалоо үчүн макулдашылган критерий боюнча ар дайым өздүк баамдоону өткөрүү жолу.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын жана окуучулардын ортодогу аттестациясын, жетишүүчүлүктөрдү учурдагы текшерүүнү ичине киргизип негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо.

Жогорку окуу жайы өз алдынча ар бир сабак боюнча учурдагы жана ортодогу билимди текшерүүнүн шарттарын жана айкын түрүн иштеп чыгып, аны магистранттарга биринчи бир айдын ичинде билдирет.

Магистранттарды, НББПга коюлган этаптык шарттарга ылайык, алардын жекече жетишкендиктерин аттестациялоо үчүн (учурдагы жетишүүсүн текшерүү жана аралык аттестация) билимин, көнүмүн жана ээ болгон компетенттик деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берген типтик тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана текшерүү ыкмасын ичине камтыган баалоочу каражат фонду түзүлөт.

Баалоочу каражат фонду ЖОЖ тарабынан иштеп чыгарылат жана бекитилет.

Конкреттүү сабак берген окутуучулардан башка, тышкы эксперт катары иш берүүчүлөрдү, чектеш сабактарды окуган окутуучуларды активдүү ишке тартуу менен, окуучулардын аралык аттестациясын жана жетишүүлөрүнүн учурдагы текшерүүсүнүн програмасына, алардын кесиптик ишкердүүлүгүнүн келечегинин шартына максималдуу жакындатуу үчүн ЖОЖ тарабынан шарт түзүлүшү зарыл.

Магистранттарга окуу жараянынын уюштуруусун жана сапатын толугу менен, ошону менен бирге кээ бир окутуучулардын иштерин баалоого мүмкүнчүлүк берилүүсү керек.

Мамлекеттик жыйынтык аттестациясы дасыктык иштердин жактоону (дипломдук долбоорду) жана кесиптик сабак боюнча мамлекеттик ымтыканды камтыйт. Дасыктык иштин (дипломдук долбоордун) түзүлүшүнө жана көлөмүнө, мазмуунуна коюлган шарттар о.э. мамлекеттик ымтыканга коюлган шарттар ЖОЖ тарабынан аныкталат.

## 6. Окуу планы

### 6.1. Магистерди даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү

НББП төмөнкүдөй окуу циклдерин карайт:

*M1 – жалпы илимий цикл;*

*M2 – кесиптик цикл;*

*M3 – практикалардын жана изилдөө-ишинин цикли;*

*M4 – жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын цикли.*

***Таблица – Магистерди даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү***

| НББПдагы ДЦнын коду | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн натыйжалары | Эмгектин көлөмү (чегерим бирдиги) | Болжолдуу окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу – усулдук колдонмолордун иштеп чыгуу үчүн дисциплиналардын тизмеси | Калыптанылуучу компетенциянын коду |
|---|---|---|---|---|
| **M.1** | **Жалпы илимий цикл** | **29** | | |
| | **Базалык бөлүк**<br>Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында магистрант:<br>**<u>билүүсү зарыл:</u>**<br>- жогорку даражадагы өз-алдынчалулуукта заманбап билим берүү жана маалымат технологияларын колдонуу менен жаңы билим алууга жөндөмдүү;<br>- Педагогика боюнча базалык түшүнүктөрдү жана принциптери, билим берүү процессинин негизги этаптарын жана принциптери жана методдорун анализдөө;<br>- Уюштуруу жана башкаруу чечимдерин иштеп чыгуунун психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн, маңызын жана алардын структуралык элементтерин;<br>- Веб-программалоонун базалык түшүнүктөрү жана принциптери, программалык продуктыны түзүнүн негизги этаптары жана принциптери, методдору, абстракциялоо<br>**<u>Билгичтиктер:</u>** | **17** | IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы,<br>Жогорку мектеп педагогикасы,<br>Башкаруунун психологиясы,<br>Веб-багыттуу колдонмолорду программалоо жана чет тили | ЖИК-1<br>ЖИК-3<br>ЖИК-4<br>СИЖМК-3<br>СИЖМК-4<br>АК-1<br>АК-3<br>АК-4<br>АК-5<br>АК-10<br>АК-12<br>КК-2<br>КК-3<br>КК-4<br>КК-13<br>КК-15<br>КК-17 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
